**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын айрым ченемдеринин колдонулушун токтотуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча Нурбек Айтыевич Касымбековдун, Таалайбек Бекболотович Усубалиевдин жана «Реформа» саясий партиясынын төрайымы Клара Сыргакбековна Сооронкулованын кайрылууларын кезексиз тартипте кароо жөнүндө

**АНЫКТАМАСЫ**

2020-жылдын 3-ноябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы төрагалык кылуучу - К.А. Дуйшеевдин, судьялар – М.Р. Бобукееванын, Л.П. Жумабаевдин, М.Ш. Касымалиевдин, К.Дж. Кыдырбаевдин, Э.Ж. Осконбаевдин, Ж.И. Саалаевдин, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы К.А. Аблакимовдун катышуусунда,

**Т А П Т Ы :**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2020-жылдын 28-октябрында Н.А. Касымбековдун жана Т.Б. Усубалиевдин «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын айрым ченемдеринин колдонулушун токтотуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 2-пунктуна, 3-беренесинин 1,3-пункттарына, 4-беренесинин 3-пунктуна, 5-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнө, 20-беренесинин 1-3-пункттарына, 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1, 2-пункттарына, 70-беренесинин 2-бөлүгүнө, 71-беренесинин 4-бөлүгүнө, 78-беренесинин 3-бөлүгүнө, 80-беренесинин 5-бөлүгүнө, 84-беренесинин 6-бөлүгүнө, 114-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Көрсөтүлгөн күнү «Реформа» саясий партиясынын төрайымы К.С. Сооронкулованын «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын айрым ченемдеринин колдонулушун токтотуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 1, 2-беренелеринин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 3-беренесинин 1-пунктуна, 5-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнө, 52-беренесинин 1-бөлүгүнө, 70-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 80-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Аталган кайрылуулар Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2020-жылдын 2-ноябрындагы аныктамалары менен өндүрүшкө кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Констиуциялык палатасынын судья-баяндамачысынын 2020-жылдын 2-ноябрындагы аныктамасы менен көрсөтүлгөн жактардын кайрылуулары бир конституциялык өндүрүшкө бириктирилген.

Талашылып жаткан акт менен тездетилген тартипте шайлоолордун жыйынтыктарын жараксыздыгын жана болбой калганын таанууда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын дайындоо жана кайталап шайлоолорду өткөрүү тартибин жөнгө салуучу конституциялык Мыйзамдын ченемдерине тийиштүү болгонун эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы коюлган маселелердин көйгөйлүүлүгү бул ишти биринчи кезектеги тартипте кароону талап кылат деп эсептейт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 46, 47, 48, 51-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын айрым ченемдеринин колдонулушун токтотуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш биринчи кезектеги тартипте каралысын.

2. Судья-баяндамачы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын отурумунда кароого иштин даярдыгына жараша сот отурумунун датасын белгилесин.

3. Ушул аныктама акыркы жана даттанууга жатпайт, кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**